**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын №2 токтомунун тиркемеси**

**Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн «Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча Департаменти» мекемеси жөнүндө**

# ЖОБО

**(Уюштуруу-укуктук формасы: Мекеме. Менчиктин түрү: Муниципалдык)**

## 1. Жалпы жоболор

1. Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн «Муниципалдык менчикти башкаруу Департаменти» мекемеси, мындан ары «Департамент» деп аталуучу, Арстанбап айылына караштуу муниципалдык менчиктеги кыймылсыз объекттерди, жерлерди башкаруу жана тескөөгө алуу боюнча Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн ыйгарым укугун ишке ашыруу максатында, Арстанбап айылынын менчиктештирүү, жер мамилелерин экономикалык-укуктук жактан жөнгө салуу чөйрөсүндө муниципалдык саясат жүргүзүүнү камсыз кыла турган Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн түзүмүнө кирүүчү ыйгарым укуктуу орган болуп саналат (р. 1).
2. «Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча Департаменти» мекемесинин уюштуруучусу Арстанбап-Ата айыл өкмөтү (р. 2). Юридикалык жактын жайгашкан дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району, Арстанбап-Ата айыл аймагы.
3. Департамент «Мекеме» деген уюштуруу-укуктук формадагы юридикалык жак болуп саналат, банктык мекемелерде өз алдынча балансы, бюджеттик эсептешүү счеттору, адистештирилген эсептешүү счеттору, казыначылык органдарга депозиттик эсеби, мөөрү, штамптары жана башка кабыл алынган реквизиттери, атрибуттары болуп соттук процесстерде доогер жана жоопкер боло алат.
4. Департамент өзүнүн ыйгарым укуктук чектеринде Арстанбап айылынын мүлк кызыкчылыктарын көрсөтөт жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына негиз Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн токтомдоруна, буйруктарына жана бул жобого ылайык иш жүргүзөт (р. 2).
5. Департамент Арстанбап-Ата айыл өкмөтү тарабынан түзүлөт (р. 2).
6. Департамент өзүнүн иш-аракетин башкаруунун жана бийликтин башка мамлекеттик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мекемелер, ошондой эле башка юридикалык жана жеке жактар менен өз ара аракеттенүү аркылуу ишке ашырат (р. 2).
7. Өзүнүн иш-аракетин ишке ашыруу маселелери боюнча мамлекеттик жана башка органдар, ошондой эле менчиктин түрүнө карабастан юридикалык жактар менен Департаменттин өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына карама-коршы болбогон Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишимдик негизде түзүлөт (р. 2).
8. Департамент белгисиз мөөнөткө түзүлөт (р. 2).
9. Департамент түзүлүшүнө жана анын иш-аракетине тийиштүү жана бул жободо көрсөтүлбөгөн бардык маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат (р. 2).
10. Департамент башка юридикалык жактарды түзүүдө жана алардын иш-аракетине Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык гана катыша алат (р. 2).
11. Департаменттин фирмалык аталышы: (р. 2)
    кыргыз тилинде: «Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча Департаменти» Мекеме (р. 2)

расмий тилинде: Учреждение «Департамент по управлению муниципальной собственностью» (р. 3).

12. Департаменттин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад областы, Базар-Коргон району, Арстанбап-Ата айыл аймагы (р. 3).
13. Департамент жана анын түзүмдүк кызматкерлери муниципалдык кызматкерлер болуп саналышат (р. 3). Аларга Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматыиын укуктук жана социалдык жактан коргоо кепилдиктери, укуктары жана милдеттери таратылат (р. 3).
14. Департамент компетенциясынын чектеринде кабыл алынган чечимдер, тескөөлөр жана буйруктар Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн аткаруу бийлигинин бардык органдары, менчиктин түрүнө карабастан юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү (р. 3).
15. Департамент өзүнүн иш-аракетинде Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнө отчет берет (р. 3).
16. Арстанбап-Ата айыл өкмөтү Департаменттин иш-аракетин контролдоону жүзөгө ашырат (р. 3).
17. Арстанбап-Ата айылдык Кеңеши муниципалдык менчиктин пайдаланылышына контролду жүзөгө ашырат

**2. Негизги милдеттер жана функциялар (р. 3)**

18. Департаменттин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат: (р. 3)
    а) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз мүлктөрдү, жолдорду, жарыктандыруу курулмаларын, социалдык объекттерин жана жер ресурстарын белгиленген тартипте натыйжалуу башкаруу, тескөө, тейлөө жана күтүү; (р. 3)
    б) менчиктин түрүнө карабастан бардык юридикалык жана жеке жактар тарабынан өзүнүн ыйгарым укуктарынын жана жарандык-укуктук мамилелердин чектеринде Кыргыз Республикасынын жарандык жана жер мыйзамдарынын талаптарынын сакталышын камсыз кылуу; (р. 3)
    в) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актыларынын негизинде Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн кыймылсыз мүлкүн, муниципалдык жерлерин жана башка менчиктин объекттерин менчиктештирүү чөйрөсүндөгү саясатын ишке ашыруу; (р. 3)
    г) Айылдагы жер саясаты, анын ичинде муниципалдык жерлерди, жер үчүн акынын өлчөмдөрүн баалоо жана аларды алуу тартибинин методологиясын жана критерийлерин, айылдык жерлерди жогорку натыйжалуу пайдаланууну экономикалык стимулдаштыруу механизмин, экологиялык жактан таза жана рационалдуу, жер пайдалануунун механизмин өзүнө камтыган жер мамилелерин жөнгө салуучу экономикалык-укуктук системаны иштеп чыгууда жана аны ишке ашырууну камсыз кылууда катышуу; (р. 3)
    д) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык жер участокторуна укуктарды берүү боюнча жер маселелери боюнча комиссияга тийиштүү арыздарды кароо жана материалдарды, анын ичинде, Арстанбап айылынын муниципалдык жер участокторуна укуктарды берүү боюнча сатууларды уюштуруу жана жүргүзүү бөлүгү боюнча даярдоо; (рр. 3-4)
    ж) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Арстанбап айылынын жер реформасы жана архитектуралык шаар курулушу иш-аракети чөйрөсүндө айылдык социалдык-экономикалык программаларды аткаруу (р. 4).
19. Департаментке жүктөлгөн милдеттерди аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук ченемдик актылары тарабынан белгиленген тартипте ал төмөнкүлөрдү аткарат: (р. 4)
    а) Автоматташтырылган маалыматтык тутумдарды түзүүнү жана коштоону, Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн менчик объекттерин эсепке алуу боюнча маалыматтык ресурстарды топтоону жүзөгө ашырат; (р. 4)
    б) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик менчигинен Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине мүлктү белгиленген тартипте кабыл алууну, ошондой эле

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда муниципалдык менчикти түзүүнү жүзөгө ашырат; (р. 4)
в) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине тийиштүү болгон кыймылсыз объекттердин реестрин жүргүзүүнү жүзөгө ашырат, Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн мүлкүнө тийиштүү мамлекеттик каттоо органдарында муниципалдык менчик укуктарды каттоого Арстанбап-Ата айыл өкмөтү көрсөтөт; (р. 4)
г) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык мүлкүн чарба жүргүзүүдө, оперативдүү башкарууда, мөөнөттүү (убактылуу) кайтарымсыз пайдаланууга бекитүүнү жол-жоболоштурат; (р. 4)
д) муниципалдык жана мамлекеттик мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын чарба жүргүзүүсүндө жана оперативдүү башкаруусунда турган жер участокторун кошо Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык мүлкүнүн сакталышын жана багыты боюнча пайдаланылышын контролдоону (көзөмөлдөөнү) жүзөгө ашырат; (р. 4)
е) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык мүлкүн мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу укугун, анын ичинде, ижара шартында жана акысыз пайдалануу укугун алган жер участокторун кошо юридикалык жана жеке жактар тарабынан келишимдердин шарттарынын багыты боюнча пайдаланылып жана сакталышын контролдоону (көзөмөлдөөнү) ишке ашырат; (р. 4)
ё) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Арстанбап-Ата айылдык Кеңештин укуктук ченемдик актыларына жана Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн чечимдерине ылайык Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык мүлкүн тескөөнүн жана пайдалануунун белгиленген тартибин бузгандарга тийиштүү чараларды көрөт; (р. 4)
ж) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Арстанбап-Ата айылдык Кеңештин укуктук ченемдик актыларына жана Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн чечимдерине ылайык Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн кызыкчылыгын көздөп, инвестициялык программаларды иштеп чыгууда, ишке ашырууда жана эсепке алууда өз компетенциясынын чектеринде катыша алат; (рр. 4-5)
кошо ижарага берүүчү катары чыгат; (р. 5)
и) мүлктүк мамилелерин жөнгө салууну жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат; (р. 5)
й) мүлктүк мамилелерди жөнгө салууну жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат; (р. 5)
к) чет өлкөлүк өкүлдүктөр, юридикалык жана жеке жактар менен мамилелерде өзүнүн компетенциясынын чектеринде белгиленген тартипте Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн кызыкчылыгын көздөйт; (р. 5)
л) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн кызыкдар түзүмдүк бөлүмдөрү менен бирдикте мүлктүк маселелер боюнча эл аралык иш-чараларда, Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз мүлк объекттерин реконструкциялоо менен байланышкан долбоорлорду ишке ашыруу үчүн инвесторлорду, анын ичинде, чет өлкөлүк инвесторлорду да тандоодо катышат; (р. 5)
м) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн тапшырмасы боюнча чыгып сүйлөйт, ошондой эле Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн кызыкдар түзүмдүк бөлүмдөрү менен бирдикте Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн түзүмдүк бөлүмдөрү болгон уюмдарды, мекемелерди жана ишканаларды түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу жөнүндө сунуштарды даярдайт жана берет; (р. 5)
н) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн түзүмдүк бөлүмдөрү болгон уюмдарды, мекемелерди жана ишканаларды түзүүдө, кайра уюштурууда жана жоюуда катышат; (р. 5)
о) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн тапшырмасы боюнча чарбалык коомдордо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, ошондой эле өзүнүн компетенциясынын чектеринде чарба коомдорунун уставдык капиталдарындагы акциялар (үлүштөр) боюнча Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун бекитилген муниципалдык менчик боюнча кызыкчылыгын көздөйт; (р. 5)

п) Арстанбап-Ата айылдык Кеңеши тарабынан бекитүү үчүн Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн тапшырмасы боюнча Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн ишканаларын жана уюмдарын менчиктештирүү программаларыиын долбоорлорун иштеп чыгат жана даярдайт; (р. 5)

р) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн Арстанбап айылындагы муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз мүлктүн объекттерине жана муниципалдык жер участокторуна чектелген буюм укуктарды берүүдөн жана менчиктештирүүдөн каражаттардын Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүү болжолун даярдайт жана берет, бул түшүүлөрдү камсыз кылуу үчүн тийиштүү чараларды көрөт, ошондой эле жогоруда саналган каражаттардын түшүүсүнө контролду жүзөгө ашырат; (р. 5)

с) Арстанбап айылынын турак эмес жайлар фондунун объекттерин сатуу боюнча ишти жүзөгө ашырат, Арстанбап айылынын муниципалдык менчигинде турган турак эмес жайларды, ошондой эле жер участокторун сатуу жөнүндө сунуштарды колдонуудагы мыйзамдарга ылайык уюштурат жана киргизет; (р. 6)

т) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн мүлкүнүн наркын көз карандысыз баалоону жүргүзүү боюнча ишти уюштурат; (р. 6)

у) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган объекттерди менчиктештирүү, башкаруу жана тескөө маселелери боюнча укуктук ченемдик актыларды жана инвестицияларды тартуу долбоорлорду иштеп чыгат; (р. 6)

ф) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн мүлкүн менчиктештирүү, башкаруу жана тескөө маселелери боюнча тескөөчү документтерди өзүнүн компетенциясынын чектеринде чыгарат; (р. 6)

х) Кыргыз Республикасынын аймагында жана чет өлкөдө Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн кызыкчылыктарын жана мүлктүк укуктарын коргоону камсыз кылат; (р. 6)

ц) Жер пайдалануучулар менен болгон ижара мамилелеринде Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн ыймарым укуктуу органы жана өкүлү болуп саналат; (р. 6)

ч) Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн жер участокторуна укуктарды берүү маселелери боюнча чечимдерди, токтомдорду, ижарага берүү-сатып алуу келишимдердин долбоорлорун даярдайт; (р. 6)

ш) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилүүчү жер участокторун пайдалануу үчүн ижара акыларды эсептөөнү жүргүзөт; (р. 6)

щ) юридикалык жана жеке жактарды аларга жер участокторун берүү жөнүндө арыздарды, өтүнүч каттарын кароо мөөнөтсүз бузууларга жол бербөө жана четтетүү боюнча чараларды көрөт (р. 6)

**3. Департаменттин укуктары (р. 6)**

20. Департамент төмөнкү укуктарга ээ: (р. 6)

а) муниципалдык мүлктү жана жерлерди башкаруу боюнча бүтүмдөрдү, келишимдерди түзүү (р. 6);

б) мүлктү чарба жүргүзүүгө же оперативдүү башкарууга берүү жана анын чектерин аныктоо (р. 6);

в) Департаменттин жоопкерчилигиндеги мүлктү камсыздандыруу (р. 7);

г) мекеме-ишканаларды түзүү, кайра уюштуруу же жоюу боюнча сунуш киргизүү (р. 7);

д) чарба коомдорунда Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн кызыкчылыгын коргоо (р. 7);

е) муниципалдык мүлктү жана жерлерди сатуу чечимдерин ишке ашыруу (р. 7);

ё) мүлктүн пайдаланылышын жана сакталышын текшерүү (ревизия, аудит), тартип бузуулар боюнча чара көрүү (р. 7);

ж) мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзам бузууларды жоюу, сотко доо арыз менен кайрылуу (р. 7);

з) жер пайдалануучулардын мыйзам бузууларын жоюу боюнча чара көрүү (р. 7);

и) сот органдарында айыл өкмөтүнүн кызыкчылыгын коргоо, зыяндын ордун толтурууну талап кылуу (р. 7);

й) жерлерди максатсыз пайдаланган учурда аларды кайтарып алуу сунушун киргизүү (р. 7);

к) мыйзам бузуу менен жүргүзүлүп жаткан курулуш иштерин токтотууну өтүнүү (р. 8);

л) укук коргоо органдарына көмөк көрсөтүү үчүн кайрылуу (р. 8);

м) жер пайдалануучуларга көрсөтмө берүү жана материалдарды жоопту у органдарга жөнөтүү (р. 8);

н) жер участокторун текшерүү жана экспертиза үчүн адистерди тартуу (р. 8).

21. Департамент өзүнө жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн дагы башка тийиштүү укуктарга ээ (р. 8).
22. Департамент жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен түзүлгөн маалымат ресурстарынын жана автоматташтырылган системалардын менчик ээси болуп саналат (р. 8).
23. Департамент маалымат ресурстарын пайдалануу жана алардын сакталыш режимдерин аныктайт (р. 8).